УДК: 94 (575.2) (04)

# АЯЛДАР БАРА ТУРГАН МАЗАРЛАР ЖАНА АЯЛДАР ӨТКӨРӨ ТУРГАН ЧАКАН КУДАЙЫЛАР

(Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышынын мисалында)

***Сапиева Нурия Эрмекбаевна***
аспирант

# МАЗАРЫ, ПОСЕЩАЕМЫЕ ЖЕНЩИНАМИ И ИХ МОЛИТВЕННЫЕ МЕРОПРИЯТИЯ

(на примере юго-запада Ферганской долины)

***Сапиева Нурия Эрмекбаевна***
аспирант

# TOMBS VISITED BY WOMEN AND CEREMONIES PERFORMED BY WOMEN

(in the example of the southwestern Ferghana Valley)

***Sapieva Nuria Ermekbaevna***
graduate student

*КР УИАнын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту*
*Институт истории, археологии и этнологии им. Б. Джамгерчинова НАН КР*
*Institute of History, Archeology and Ethnology named after B. Dzhamgerchinov NAS KR*

***Аннотация.*** Бул макала Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы аялдар бара турган мазарлар жана аялдар гана өткөрө турган чакан кудайылар тууралуу болмокчу. Фергана өрөөнүнүн түштүк- батышындагы калктын көз карашында, табият күчтөрүн ыйыкташтырууга негизделген ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр бар. Ыйык дарактарды, булактарды, тоолорду жана таштарды ыйык тутуп, аны менен бирге зороастризм, тотемизм жана Умай эне менен байланышкан ишенимдердин калдыктарын өз ичине камтыган ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр сакталган. Уютку сыңары түпкү маңызы сакталып, исламдагы салттар менен жуурулушкан үй-бүлөлүк жана тиричилик ырым-жырымдары сакталып калган. Ырым-жырымдардын жана жөрөлгөлөрдүн эң туруктуу калдыктары катары аялдардын ыйык жерлерге зыяратка баруусундагы ырым-жырымдар жана алар уюштурган жөрөлгөлөр болуп эсептелет. Аткарылган ырым-жырымдардын комплексин талдоонун негизинде аялдар ыйык жерлерге зыяратка барганда жана жөрөлгөлөрдү өткөрүүдө, исламга чейинки ишенимдерге тандык иш-аракеттерди жасоосу бизге маалым болду. **Методдор:** аялдар бара турган мазарлар жана аялдар гана өткөрө турган жөрөлгөрдү изилдөө учурунда негизинен теориялык жана эмпирикалык изилдөө методдору колдонулду. **Жыйынтык:** Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыз аялдары бара турган мазарлар жана аялдар гана өткөрө турган жөрөлгөлөрдүн чөйрөсү аркылуу алардын этно-маданиятындагы өзгөчөлүктөр аныкталды.

***Негизги сөздөр:*** *Умай эне, аялдар мазары, зыярат, Бүчейшембилик, Мүшкүл кишот, жөрөлгө.*

***Аннотация.*** Эта статья о женских могилах и женских церемониях на юго-западе Ферганской долины. По мнению населения юго-запада Ферганской долины, существуют обряды, основанные на освящении сил природы. Священные деревья, источники, горы и скалы считались священными, наряду с ритуалами и церемониями, которые содержали остатки верований, связанных с зороастризмом, тотемизмом и Матерью Умай. Как и Уютку, сохранена первоначальная суть, сохранены семейно-бытовые обряды, смешанные с исламскими традициями. Наиболее устойчивыми остатками ритуалов и церемоний являются ритуалы и церемонии, организуемые женщинами во время паломничества к святым местам. На основе анализа комплекса совершаемых ритуалов нам сообщили, что при посещении святых мест и проведении церемоний женщины совершают действия, связанные с доисламскими верованиями. **Методы:** при изучении женских святынь и женских обрядов использовались в основном теоретические и эмпирические методы исследования. **Вывод:** этнокультурные особенности кыргызов на юго-западе Ферганской долины определяются через мазары которые посещают женщины и молитвенные мероприятия, выполнаямые только ими.
***Ключевые слова:*** *Культ Умай, женская могила, паломничество, Бисейшемби, Мушкуль Кишот, обряд.*
***Abstract.*** This article is about women's graves and women's ceremonies in the southwest of the Fergana Valley. According to the population of the southwest of the Fergana Valley, there are rites and rituals based on the consecration of the forces of nature. Sacred trees, springs, mountains and rocks were considered sacred, along with rituals and ceremonies that contained remnants of beliefs associated with Zoroastrianism and Mother Umai. Like Uyutku, the original essence has been preserved, family rituals, mixed with Islamic traditions, have been preserved. The most enduring remnants of rituals and ceremonies are those organized by women during pilgrimages to holy places. Based on an analysis of the complex of rituals performed, we were informed that when visiting holy places and performing ceremonies, women perform actions related to pre-Islamic beliefs. **Methods:** mainly theoretical and empirical research methods were used during the study of women's shrines and women ceremonies. **Conclusion:** kyrgyz people in the south-west of the Fergana Valley have their ethnocultural features determined through the tombs where women go and the ceremony held only by women.
***Keywords:*** *Mother Umai, women's grave, pilgrimage, Biseishenbi, Mushkul Kishot, ritual.*

**Киришүү**

Аял кудай Умай энеге сыйынуу жана аялдар гана бара турган ыйык зыярат кылынуучу жайлар Орто Азияда кеңири таралган. Алар байыркы убакта пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. Аял кудайларына багыштап жана аялдар гана бара турган ыйык зыярат кылынуучу жайларга аялдардын көпчүлүк бөлүгү атайын түрдүү жөрөлгөлөрдү өткөрүшөт.

Коомдогу диний көз караштардын өзгөрүшү, аял кудайларына сыйынуу жана аялдар гана бара турган ыйык жайлардын үзгүлтүксүз жашашы бул бардык тарыхый доорлорго мүнөздүү. Бул көрүнүш аялдардын жаратылыш менен болгон терең байланышын түшүндүрөт. Мындай сыйынуу жайлар аялдардын ишенимдеринин туруктуу борбору бойдон кала берген. Диний багыттар өзгөргөндө сыйынуу жайлар менен байланышкан культтар кийинки жаңы диний идеологияга ылайыкташуу менен андан ары жашоосун уланткан. Ислам динин суфий агымынын олуяларга сыйынуунун жайылышы көбүнчө, мурунку сыйынуу объектилерине негизделген, жергиликтүү культ борборлорунун пайда болушуна алып келген.

**Изилдөөнүн обьектиси.** Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардагы бүгүнкү күндө күнүмдүк турмушунда сакталып келе жаткан Умай эне культуна сыйынуу жана аялдар гана бара турган ыйык жайлары саналат. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы Умай энеге багышталып өткөрүлгөн жөрөлгөлөр жана аялдар гана бара турган ыйык жайлардын рухтарына сыйынуу, Кыргызстандын башка аймактарына салыштырмалуу көбүрөөк байкалат жана бул негиз изилдөөгө кызыгууну жаратат.

Умай эне (байыркы түрк. **𐰆𐰢𐰖** ; каз. **Ұмай ана**, түрк **Umay Ana**) — аялдардын колдоочусу, коломтонун ээси жана балдардын төрөлүшүн жана алардын төрөлгөндөн кийинки убактарындагы ден соолугун сактаган мифтик эне.

И.В. Стеблеванын пикиринде Умай кудайлар пантеонунун иерархиясындагы экинчи орунда турган. Ал "аял башатын элестетет" жана орто дүйнө жер жүзү менен байланышкан. Бирок, кайсы бир маалыматтар боюнча Умай жазалоочу функцияны да аткарган (Стеблева, с. 215) Байыркы түрктөрдүн жана кыргыздардын Жогорку дүйнөдөгү өзгөчө сыйлаган экинчи кудайы болуп түшүмдүүлүктүн кудайы Умай эсептелген. Байыркы түрктөрдүн түшүнүктөрү боюнча ал калктын көбөйүүсүн, аялдардын ийгиликтүү жеңил төрөп алуусун, "адам балдарынын" жарык дүйнөгө келүүсүн камсыздаган жана аял менен балдардын башкы колдоочусу болгон. Тоңгуюкка арналган жазууда: "Көк Теңир, Умай, Ыйык Жер-Суу бизди жазалайт" - деп эскерилет (Малов, М.1959. – 106). Умай энени кыргыздарда энелерди, төрөт учурунда аялдарды жана жаш балдардын төрөлүшүн, төрөлгөндөн кийин убактарда коргоочусу, колдоочусу жана үй-бүлөлүк коломтонун сактоочусу болгон мифологиялык эне катары карашат (Грач,М. 1961. 238).

Терминдин келип чыгышы VII-VIII кк. таандык. Байыркы кыргыз жана түрк тексттеринде «Умай» кудайдын атын билдирет (Кызласов, Красноярск, 1992. – 222). Фергана өрөөнүн түштүк-батышындагы калктын ишениминде Умай эненин эквиваленти катары Бүбүлөр жана Батма-Зуура эсептелинет. Ошондой эле балага жана аялга өткөрүлүүчү жөрөлгөлөрдө жана ырым жырымдарда Умай эне жана Бүбүлөр, Батма-Зуура колдосун деп айтылып келет. Бүбү – бул бакшылык менен алектенген гана аял эле эмес даанышман киндик эне такыба аялдын маанисин туюнткан эне катары кабыл алынат. Ал эми Батма-Зуура болсо байыркы кыргыздардын Умай эне образын Ислам дини кабыл алынгандан кийин мусулмандар кадыр туткан аялдардын: Фатиманын (Мухаммеддин кызы, Аалынын аялы) жана Зухранын образдары жана ысымдары менен бириктиришип, аларды бирге аташат (Батма же Зуура). Андыктан исламдын элге жайылуусунун негизинде кыргыздардын байыркы Умай эне кудайы кыргыздардагы бүбүлөрдүн жана ислам дининдеги Батма-Зуура менен жуурулушуп бир бүтүндүк катары каралып калгандыктан аялдардын сыйынуучу жайлары ислам тарыхында өзүнүн орду бар Бүрабия жана Бүзейнептин атын алып жүрүүчү мазарлар болуп эсептелинет. Ал эми аялдарга жана балдарга өткөрүлүүчү ырым-жырымдарда жана жөрөлгөлөрдө Умай эненин, бүбүлөрдүн, Батма-Зууранын колдоосун суранып, аларга атап ырым-жырымдар өткөзүлөт.

Ыйык сыйынуучу жайларга баруу Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы аялдардын жашоосунда чоң мааниге ээ. Негизинен, ыйык жерлерге жашына жана жынысына карабастан бардык адамдар келет. Бирок, аялдар үчүн мазарларга баруу негизинен өзгөчө иш болуп саналат. Мазарга жеке же жамааттык негизде чогулуп келишет. Зыярат кылуунун себеби көбүнчө жалпы үй-бүлөлүк көйгөй, жеке жашоодогу социалдык ж.б. кыйынчылыктар болуп эсептелинет. Эреже боюнча, мазарга үй-бүлө мүчөлөрү

гана барышат. Көбүнчө орто жаштагы жана улгайган аялдар келет. Аялдар эркектерден айырмаланып, мечитке барганга мүмкүнчүлүгү жок, ошондуктан мазар алардын руханий муктаждыктарын ишке ашыра турган негизги сыйынуучу жай болуп саналат. Салт боюнча зыяратчылар ыйык жерлерге өзгөчө даярдык менен барышат. Алар өздөрүн кызыктырган суроолорго жооп табууга, аларды жеңил-желпи чечилүүсүнө жана өздөрүн жашоодогу түйшүктөрдөн бир аз болсо да алаксытуу үчүн келишет. Зыяратчылар ыйыктардын рухтарынан жардам суроо жана ар кандай оорулар менен ооругандар болсо дартына даба тилеп, үмүт менен ыйык жерлерге келишет.

Аялдар көп бара турган үч мазар - Бүзейнеп, Бүүрабия жана Кыз-Коргон мазарлары. Бул мазарлар Баткен районунан чыгып, Жоо-Пая айылынан өткөндөн кийин тоо тараптагы жолдун боюнда жайгашкан. Зыяраткан асы жана күмбөз бар. Бүүрабиянын адамдарга көрсөткөн керемети – агып жаткан дарыянын үстүнө жайнамаз салып, эки рекет намаз окугандыгы айтылат. Бүүрабия – Азирети Алинин карындашы. Бул мазарда күмбөз Бүүрабияга тиешелүү делинет. Бул жердеги булактардын касиети - кулак ооругандар үчүн дартка дабаа деп эсептелинет. Перзенти жоктор келип, бала тилеп, аялдардын жатын жана сөөк ооруларына шыпаа табуу максатында Бүүрабия мазарына барышып топурагынан алып, денесине сүйкөшүп, сыйынуучу зыярат кылуучу жайга айлантышкан. Аялдардын колдоочусу катары жана бакшылыкты жаңы мойнуна алып жаткандардын жайы катары да эсептелинет. Бүзейнеп мазары Кадамжай шаарчасынан 8 км аралыкта Охна айылында жайгашкан. Тоодо үңкүр жана булактар бар. Жергиликтүү элдин айтымында Бүзейнеп тоодогу үңкүргө кирип кайып болуп кеткен экен. Бул мазарга көбүнчө жашы улгайып калган жергиликтүү аялдар чогулуп, жылына бир жолу барууну салтка айландырышкан. Ал жайга барганда биринчи кезекте булактардан тилегин айтып, суу ичишет, андан кийин Аллахка жана Бүзейнепке атап куран окулат. Дасторконго алдын ала үйдөн бышырып келген май токочторун коюшуп, өздөрү тамак бышырышып, аны жешет. Эгер намаз убактысы болуп калса намазды чогуу жамаат менен окушат. Ислам дининен билими бар аял түрдүү маселелерди, аңгемелерди айтат. Элдик уламышка караганда Бүзейнеп ошол жердеги үңкүргө кирип кайып болуп, артынан үңкүр жабылып, ташка айланган экен. Бул себептен аялдар бул жердеги ташка келип, үч же жети шам жагышат. Шайыктын айтымында мазардагы булактардын жанында бакшылык жөрөлгөлөр эки же үч адам чогулуп өткөрүшөт. Ал жөрөлгө жашыруун аткарылат б.а., эч ким жокто аткарылат. Бакшылардын устаты жана шакирти келип, Бүзейнепке атап тоок союп, булактардан суу ичип жана даарат алышат. Бакшылык жөрөлгө өткөрүлгөндөн кийин бул жердин ээси алардын колдоочусуна айланат деп ишенишет. Жогорудагы аты аталган эки мазар аялдардын гана зыярат кылуучу жайы болуп эсептелинет. Кыз-Коргон мазары Кадамжай аймагындагы Сур айылынын Заркар жайлоосунда жайгашкан. Бул жерге турмушка чыга элек кыздар жана алардын жакындары келишип, мазарга багыштап тоокту курмандыкка чалышат жана куран окулат. Элдик уламыштар боюнча ойноп жүргөн кыздар каапырлардан качып, ошол жерде ташка айланып калган деген уламыш тараган. Ал таштарда кыздардын өрүлгөн чачтарын элестеткен сүрөттөр бар. Келген кыздар ошол таштарды сыйпалап, турмушка чыгып, бактылуу болуу үчүн тилектерин айтышат (АТМ.№2. 2016).

Аялдардын жамааттык зыяратында жетекчи "атынчалар" б.а., ислам дининен билими бар аялдар болот. Талаа материалдары көрсөткөндөй мазарларда аткарылуучу ырым-жырымдар ыйык жердин түрүнө, катышуучуларынын курамы-

на карай бөлүнөт. Ар бир ырым аялдар үчүн белгилүү иш-аракеттерди камтыйт. Зыяратчылардын башчысы, адатта мазардын шайыхы (мазардын кароолчусу) же топтун улуу, кадырлуу мүчөлөрүнүн бири болот. Көбүнчө аялдар мазарларга шаршемби жана бейшемби күндөрү барышат. Жергиликтүү тургундардын айтымында шаршемби күнү жана бир нече жума катары менен зыярат кылуу туура деп эсептешет.

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында жашаган калктын арасында зыярат кылуу ырымы төмөнкү элементтерди камтыйт: *үч же жети жолу белгиленген мазарга катары менен келүү, ыйык жайда куран окуу (куран түшүрүү), тилегин айтып мүрзөлөрдөгү таштарды кармалоо жана сыйпалоо, таштарга, үңкүрлөргө, мазардын босогосуна, так сандагы үч же жети шамды жагуу, дарактарга кездеме байлоо, «ыйык» булактардан суу ичүү, даарат алуу, ритуалдык тамак даярдоо жана ошону менен бирге курмандыкка ак түстөгү корозду союу союу.*

Мазарга барып, жаш наристенин төрөлүшү менен байланышкан «көкүл кыркуу» ырымы бар. Көкүл алууда эгер боюнда бар же боюна боло элек мезгилде ошол мазарга келип, бала тилеп же боюнда болсо баланын амандыгын тилесе, кийин бала туулгандан соң кайрадан мазарга келип баланын чачы кыркылат. “Көкүл кыркуу” ырымы мазардын ээлерине белек берүү болуп саналат.

Жогорудагы иш-аракеттердин баары зыяратчылар тарабынан “табияттан тышкаркы күч бар, алар колдойт жана тилеген тилегиңди берет жана ыйык сыйынган жер менен сыйкырдуу байланыш түзүлөт” деген ишенимде аткарылат.

Ыйык жайларга сыйынуу жашоонун эң маанилүү тармактары менен да байланышкан. Мисалы чарбалык ишмердүүлүк, жаратылышка аяр мамиле жасоо, жүрүм-турум эрежелери, үй-бүлө жана нике мамилелерин жөнгө салууга байланышкан диний ырым-жырымдарды аткаруу менен, ыйык жерлерге зыярат кылуу элдин жашоосундагы ишенимдердин маанилүү бөлүгүн түзөт. Мазарлардагы аткарылган ырым-жырым жана Ислам динине чейинки ишенимдердин синтези болуп эсептелинет. Ал ырым-жырымдар Ислам дининин кириши менен бир аз өзгөртүлгөн формада үй-бүлөлүк жана күнүмдүк тиричиликте жашоосун уланткан. Айрыкча жогорудагы ишенимдердин калдыктары аялдардын ыйык жерлерге зыярат кылуу ырым-жырымдарында бекем сакталган.

М.С. Андрееванын 1927-жылы жарык көргөн «Золушка (Цендриллон) Борбордук Азиялык жоромолу», ыйыкталган аялдардын образдарын изилдөөгө арналган алгачкы басылмалардын бири болуп саналат. Автор Орто Азия элдеринин маданиятындагы ыйыкташкан аялдар боюнча маалыматтарды системалаштырууга аракет жасаган. Тоолук тажиктердин арасында ар кандай ысымдар менен белгилүү болгон ыйык аялдар жөнүндөгү идеяларды жана аларга байланышкан ырым-жырымдарды,уламыштардын элементтерин, алардын баштапкы түпкү келип чыгышы жөнүндө тыянакка келген. Аларды баштапкы аял кудайдын өзгөргөн элеси деп божомолдогон М.С. Андреевдин бул божомолу катуу сынга алынганына карабастан анын божомолдорун О.А.Сухареванын мусулман олуяларынын культуна арналган эмгектеринде тастыкталган. М.С.Андреев тарабынан айтылган божомолдогу Борбордук Азия элдери урматтаган аял колдоочу ыйыктар Бүчейшенби жана Мүшкүл кишот азыркы Орто Азия элдери тарабынан урматталган аял кудайдын байыркы элеси жана бул каармандар БибиМушкилкушонун образы БибиСешанбинин образы үчүн прототип болуп кызмат кылган. Ошондой эле БибиСешанби жөрөлгөсү жаңы үй-бүлө курарда же кургандан кийин өтөрүлгөн. Жөрөлгөнүн максаты ыйык БибиСешанбиге курмандык чалуу

болуп эсептелинген. Ал эми БибиМушкилкушо жөрөлгөсүнүн аткарылышы негизинен сооданын жакшы болбогондо, адамдын карызы көбөйүп кеткенде же соттолушу мүмкүн деген мезгилде аткарылаарын О.А.Сухарева белгилейт (Сухарева.с. 39-40). Жамааттын мүчөлөрүнүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн, аялдар көбүнчө ырым-жырымдарга кайрылышат. Жогорку даражадагы күчтөргө кайрылууга негизделген жөрөлгөлөр өзбек жана тажик коомчулугунда Биби Сешанба жана Мушкул-кушод деп аталат. Ал эми жергиликтүү кыргыздарда Бүчейшембилик, Мүшкүл кишот деп бир фонетикалык өзгөрүүлөр менен аталат. Жогорудагы аталган жөрөлгөлөр жамандыктардан, бөөдө кырсыктардан коргоонун бирден-бир жеткиликтүү каражаты катары кабыл алышып ага ишенишет. Бул ырым-жырымдар укумдан тукумга өтүп уланып, аларды атинча (Отинча) аял жетектейт.

Биз изилдеген өрөөндө өзгөчөлүк катары Бүчейшембилик, Мүшкүл кишот, Ууз аш, Аялдар кудайысы жана Умай аш жөрөлгөлөрүн атоого болот. Мүшкүл кишоттин тарыхын маалыматчы төмөндөгүдөй баяндайт. Абу Бухаринин атасынын карындашы, анын эжеси биринчи болуп Бүчейшембилик жөрөлгөсүн аткарган. Абу Бухаринин эжеси тул (жесир) аял болгон. Дал ушул себептен Бүчейшембилик шарты боюнча күйөөсү жок аялдар (күйөөсү өтүп кеткен же ажырашкан аялдар) же турмушка чыга элек бойго жеткен кыздар чакырылат. Алардын дубасы тезирээк жетет деген мааниде чакырылат. Күйөөсү жок аялдар мусаапыр катары эсептелинсе, ал эми бойго жеткен кыздар таза катары чакырылат. Бүчейшембилик өткөрүп жаткан аял жети үйдөн жузүн жоолук менен жаап, ун сурап чыгат. Ошол ундан май токоч жана умачаш (унга койдун куйругун жана суу бүркүп, ийлеп бүртүкчөлөргө айлантып бышырылган атала) бышырылат. Ундун жети үйдөн суралышы суфий агымындагы дервишизмге барып такалат. Суфизмде дервиштер Ислам динин таркатуучулары катары белгилүү болсо, ал эми жети үйдөн ун суроо менен жетим-жесирди жана тул аялдарды жети үйгө эскертүү жана аларга кайрымдуулук кылуу болуп саналат. Баткен жана Кадамжай өрөөндөрүндө, Ноокат аймагынын батышында Бүчейшембилик өткөрүлөт, ал эми чыгышында өткөрүлбөйт. Бүчейшембиликте зикир чалынат. Анда 100 жолу Ихлас сүрөсү, 100 жолу Аср сүрөсү, 100 жолу Аллахтын ысымдары Яхаю жана Якаюм айтылат, Аллахтын атына зикир тартылат. Мындан соң бир жолу Алам Наширох сүрөсү, бир жолу Фатиха сүрөсү жана Ясин сүрөсү окулат. Баары окулуп бүткөн соң Рываят (жетим кыз жөнүндө баян) айтылат. Бүчейшембилик аптанын шейммемби гана күнү өткөрүлөт. Кимде ким аны өткөрүүнү максат кылса, анда жети жолу өткөрүшү шарт. Алдын ала даярдалган ундан атала бышырылат. Аталанын унуна койдун майын эритип унга кошуп, суу бүркүп чачып, колдору менен аны ийлейт. Бул жөрөлгөгө жасалуучу аталанын аты Умачаш деп аталат. Умачаш сөзү фонетикалык жактан өзгөрүлүп "й" тамгасы калып калган жана анын ордуна "ч" тамгасы кошулган, б.а., баштапкы аты "Умай аш" болгон. Умачашты бышыраарда жасап жаткан адам тилектерин айтат. Умачашты бышырууда биринчи кезекте унду сууга бышырат, татымына жараша туз, кээде шекер салынат, суусу тартылып калганга чейин кайнатылып, анын үстүнө сүт куюлат. Ал коюу болгончо бышырылат, андан кийин дасторконго берилет. Бирок жөрөлгөнү өткөргөндөрдүн көпчүлүгү биз изилдеген өрөөндө бир жолу гана жасайт. Ошондой эле күйөөсү бар аялдар деле чакырылат. Бирок алар жасалган аталадан ичпейт. Калган даамдардан жей берет. Бул жөрөлгө көбүнчө кыздардын бактысы кайтып, ажырашкан учурда же жаңы күйөөгө тийер учурларда аялдардын гана катышуусунун негизинде аткары-

лат. Бүчейшембиликтин өткөрүлүшүнүн дагы бир себеби тул аялдарга жана жетим балдарга жардам берүү, аларды эл арасына кошуу жана аларды эстөө болуп саналат.

Мүшкүл кишот да аптанын шаршемби күнү өткөзүлөт. Мүшкүл кишоттун тарыхын маалыматчы төмөндөгүдөй баяндайт: Абу Бухаринин атасынын карындашы, анын эжеси биринчи болуп Мүшкүл кишот окуган. Элдеги уламыш боюнча ал аял үңкүрдө жашаган. Үңкүр тоодо болгондуктан анын тегерегинен бир адам дайыма отун алат. Ал отунду сатып, үй-бүлөсүнүн бир күндүк оокатын табат. Анын отун кыйчу жана байлоочу орогу менен жиби бир күнү жоголуп кетет. Үй-бүлөсү ачка калганынан кайгырып үңкүргө Ал-Бухаринин эжесине келип, азапка калганын айтат. Анда ал аял Аллахтан ошол адамдын мүшкүлү жеңил болуусун суранат. Мүшкүл кишотто жети жерге шам жагылып жана мейиздин сабына кебез оролот. Мейиздин сабагы үзүлүп жатканда зикир чалынат. Анда 100 жолу Ихлас сүрөсү, эки жолу Фатиха, эки жолу Вал аср, эки жолу Аятал-курси,100 жолу Аллахтын Якаю жана Якаюм ысымдары айтылат. Зикир айтылып жаткан мезгилдеги үзүлгөн мейиздин сабы жана ага оролгон кебездер агын сууга ыргытылат. Бул жөрөлгө көбүнчө балдар катуу ооруп, же үй-бүлө мүчөлөрүнө кайгы болгон учурларда аялдардын гана катышуусунун негизинде өкөрүлөт. Жөрөлгөнү өткөрүп жаткан үй-бүлөнүн мүшкүлү жеңил болсун, келген кайгы-капа кетсин, жаман нерселерден алыс болсун деген сыяктуу жалаң гана жакшылыкты тилөө менен дуба кылынат. Аны өткөрүү менен адамдын азабы жеңилдейт жана иши оңолот деген ишенимде аткарылат (АТД. №4. 2018).

Ноокат аймагында "ууз аш" жөрөлгөсүн белгиленет. Зеңги бабага арналаган жөрөлгө Ноокат районунунун чыгыш, түштүк бөлүгүндө аткарылат (Ноокат районунун батыш тарабында жана Кадамжай, Баткен райондорунда мындай жөрөлгө жок). Ал "Ууз аш" деп аталып малга кудайы катары өткөрүлөт. Үй тууганда малдын төлүнүн берекесин арттыруу максатында, атайын аялдардан (эркектер катышпайт) бата алынат. Бул жөрөлгөгө аялдар гана катышат. Зеңги бабага арналып куран окулат. Уйдун сүтүнөн тамак бышырылат. Ал тамак "ууз аш" деп аталат. Ууз ашты баштаарда тамакты жасап жаткан адам даарат алат. Бир килограмм күрүчтү таза жууп, казанга салып аны суусу калбай калгыча кайнатат. Андан соң бир челек сүтү үч бөлүп күрүчтүн үстүнө куюп бышырат. Зеңги бабага арнап жети же тогуз май токоч бышырылат. Май токоч тегерек формада болуп майга бышырылат. Биринчи кезекте Зеңги бабага арналып куран окулат, андан соң келген аялдар ууз аш менен май токочтон даам татышат. Меймандоо бүтүп жаткан мезгилде үй ээсине "малың көбөйсүн, майлуу-сүттүү болсун" деп бата беришет. Жогорудагы жөрөлгө үйдөгү малдын жаны аман, түгөл, берекелүү төлдөөсү үчүн уюштурулат.

Баткен аймагында өткөрүлүүчү жөрөлгө Умай аш деп аталат. Умай аш биринчи жолу наристе күтүп, көз жарып жаткан аялдар үчүн өткөрүлөт. Анда көп балалуу улуу жаштагы байбичелер чакырылат. Кайненелер же апалар бул жөрөлгөнү келиндери же кыздарынын аман-эсен төрөп алышы жана көптөн бери бала күткөн аялдарга арналып өткөрүлөт. Үй ээси атайын дасторкон жаят. Умай энеге атап жети же тогуз санда май токоч бышырылат. Келген коноктор дасторкондун үстүндөгү даамдардан татып, тамакты жеп бүткөндөн соң үч ача өрүктүн бутагын алып келип, унга тургузуп, кебезди майлап от жагат. Эгер от алоолонуп кызыл жанса уул, ал эми сары болуп анчалык алоолонбосо кыз болот деп божомолдошот. Кимге аталып өткөрүлүп жатса аны чакыртышып, колго суу куйдурат жана колдорун жууп бүтүп, ошол келиндин этегине келген мейман-

дар колдорун аарчыганча *"ушул жерден өнүп-өс, бизге окшоп кыз берип, уул үйлө, неберелерди ээрчитип жүр, Аллах колдосун, Умай эне жана бүбүлөр колдосун"* деп бата беришет.

Кадамжай районуна Жер-Сууга багыштап өткөрүлө турган жөрөлгө "кудайы" деп аталып, катуу кыян жүрүп же катуу кургакчылык болгон мезгилде өткөрүлөт. Айылдагы жалаң аялдар гана (эркектер катышпайт) топтолуп, бир күндү белгилеп, үйлөрүнөн ун, суу, май жана отун алып келишет. Унаа өтүүчү чоң жолдун боюна алып келген каражаттарынан камыр жууруп, казан асып, от жагып, камырдан май токоч бышырышат, май токоч бышырууну жергиликтүү эл "челпек салуу" же "жыт чыгаруу" деп аташат. Чоң унаа өтүүчү жолдогу ар бир адамга май токоч берилет. Бул жөрөлгө эртең менен башталып кечке чейин аткарылат. Кудайы өткөрүлүп жаткан жер чоң жолдун боюнда болуусу зарыл. Себеби, чоң жол - эл көп өткөн жол. Жолдо жүргөндөр мусапыр катары эсептелинип, алардын ыраазычылыгы же аларга берилген тамак-аштардын сообу башкаларга караганда эртерээк аткарылат деп ишенишет. Дал ушул себептерден жолдо жүргөн унаалардагы жүргүнчүлөрдүн ар бирине май токоч таркатылат. Аялдардын гана катышуусундагы Жер-Сууга багышталып өткөрүлгөн бул кудайы Умай эненин жер образындагы чагылуусунун калдыгы катары эсептелинет (АТД №4. 2018).

Жогорудагы өткөрүлүп жаткан жөрөлгөлөр өздөрүнүн ичине архаикалык ишенимдердин бир катар бөлүктөрүн камтыйт: жети жерге шам жагуу зоарастизм дининин калдыгы жана анда от тазалайт жана оттун түтүнү менен көтөрүлгөн ой-тилектер батыраак кабыл болот. Умай эненин аялдын, баланын колдоочусу жана коломтонун коргоочусу ошондой эле Жер эне образын берүүчү катары кабыл алынат. Умачаш аталанын жасалуусундагы Умай эненин жана Бүбүлөрдүн аттары аталып алардан үй-бүлөдөгү тынчтыкты, байгерчиликти жана балдардын аман-эсен болушун тилөө менен баштоо бул Умай эненин рухуна кайрылуу болуп эсептелинет. Мейиздин сабы оролгон кебезди сууга агызуу жана аялдар гана өткөргөн кудайы Жер-Суу ээлерине сыйынуу менен жыт чыгаруу жана суу баарын тазалайт, арууландырат деген ишенимде аткарылат.

Мейиздин сабынын үзүлүшү жана көйнөктүн этегине колду аарчуу менен бата тилөө фетиштик ишенимдерге тиешелүү болсо, Зеңги бабага аталып өткөрүлгөн жөрөлгө тотемдик ишенимдерди өз ичине камтыйт. Өткөрүлгөн жөрөлгөлөрдүн баардыгы тең Курандын аяттарынын окулушу, Аллахтын ысымынын аталыштары менен зикир чалуу жана даарат менен башталышы Ислам дини менен синкреттелишин түшүндүрөт.

Исламдын жайылышы менен Умай энеге болгон ишеним улам жаңыланып жашоосу уланган. Жаңы шарттарда Умай эне культу жоголуп кетпей, тескерисинче, Исламдагы аял ыйыктары менен жуурулушуп, жаңы баскычка көтөрүлгөн. Орто Азиянын, анын ичинде кыргыздар жашаган баардык аймактарда урмат-сыйга ээ болгон Умай эненин – жаратылыш, аял, баланын жана коломтонун сактоочусу, коргоочусу жана өсүмдүктөр менен жаныбарлардын көбөйүшүнө салым кошкон, адам тукумун улоочу катары каралат. Умай эне культунун тарыхы көрсөткөндөй, бул өзгөчөлүктөр аял кудайынын культунун өнүгүү жолу көптөгөн факторлорго байланыштуу б.а., калктын жашоо образына көз каранды болуп эсептелинет. Анда түрдүү маданияттардын өз ара аракеттенүүсү, маданий жана диний жактан синкреттелиши менен коштолгон элдердин көчүү процесстери таасир эткен. Умай эне культу архаикалык формада башталып, убакыттын өтүшү менен башка ишенимдердин жана культтардын таасири астында өзгөртүлгөн, бирок ошентсе да, ал жерги-

ликтүү калктын диний жана ритуалдык жашоосунда чоң ролду ойноону андан ары уланта алган.

Аялдар өткөрө турган жөрөлгөлөрдө аялдар бирдиктүү иш алып баруу менен Исламга чейинки ишенимдерди айкалыштырып, бакшычылык, зороастризм, фетишизмди, анимизимди, тотемизмди жана Ислам жана анын агымы, тактап айтканда, суфизмди өзүнө сиңирген. Жогорудагы жөрөлгөлөр төмөнкүдөй ишмердүүлүктү өзүнө камтып, тиги дүйнөгө даярданууга, жашоодогу көйгөйлөрдү чечүүгө, өздүк трагедиядан алыстоого жана оорулардан арылууга жардам берет деген ишенимде өткөрүлөт. Демек жогорудагы биз атап өткөн ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөрдүн эл арасында байма-бай өткөзүлүшү жана аткарылышы Б.Малиновскийдин пикири боюнча сыйкырдуу ырым-жырымдар көбүнчө коркунуч жана мүмкүнчүлүк азыраак болгон жерде колдонуларын тастыктаган. Мисалы, балык уулоодо сыйкырдуу ыкмалар колдонулат. Анда акулаларды жана башка ири балыктарды кармоо чоң коркунучту жараткандыгына байланыштуу сыйкырдуу ырымдар жана дубалар менен коштолот. Ошол эле учурда кеме курууда да сыйкырдуу ырым-жырымдар аткарылат, ал эми үй курууда жогорудагыдай ырымдар колдонулбайт. Демек бул фактыларга таянуу менен Б. Малиновский "Сыйкырдуу идеялар жана аракеттер качан гана адам өз жөндөмүнө ишенбегенде, чечилбегенде жана ага көз каранды болгон көйгөйлөрдө колдонушат. Дал ушул көз карандылык адамды сырдуу күчтөрдүн жардамына таянтып, ага ишенип, үмүттөнүп, сыйкырдуу аракеттерди жасашат "(Малиновский. с. 97).

Талаа материалдарын чогултуу учурунда жогорудагы өткөрүлгөн ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр адамдын эркинен тышкары күчү жетпей калган учурларда өткөрүлөрүн талдоо менен ал адамдын үмүтү ойгонуп, келечеке ишеничи бекемделерин аныктадык.

Жыйынтыктап айтканда, ыйык жайларга сыйынуу жашоонун эң маанилүү тармактары менен да байланышкан. Мисалы, чарбалык ишмердүүлүк, жаратылышка аяр мамиле жасоо, жүрүм-турум эрежелер, үй-бүлө жана нике мамилелерин жөнгө салууга байланышкан диний ырым-жырымдарды аткаруу менен, ыйык жерлерге зыярат кылуу элдин жашоосундагы ишенимдердин маанилүү бөлүгүн түзөт. Мазарлардагы аткарылган ырым-жырым Исламга чейинки ишенимдердин синтези болуп эсептелинет. Ал ырым-жырымдар Ислам дининин кириши менен бир аз өзгөртүлгөн формада үй-бүлөлүк жана күнүмдүк тиричиликте жашоосун уланткан. Айрыкча жогорудагы ишенимдердин калдыктары аялдардын ыйык жерлерге зыярат кылуу ырым-жырымдарында бекем сакталган. Аялдар гана бара турган ыйык жерлердеги бакшылык жөрөлгөлөрдүн жасалышы жана алардагы рухтардын бакшылардын колдоочусуна айланyусуна ишенүүсү, бакшылык ишмердүүлүктүн ыйык жайлар менен байланышы тыгыз экенин байкайбыз.

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын Умай энеге аял кудайдын негизинде пайда болгон ишенимдердин, жөрөлгөлөрдүн, ырым-жырымдардын элдин күнүмдүк жашоосунда мааниси чоң. Аты аталган өрөөнүндө аялдарга жана наристелерге багышталып өткөрүлүүчү кудайылардагы жана ыйык деп эсептелинген аялдар бара турган мазарлардагы жөрөлгөлөрдө Умай эне культу ишеними үстөмдүк кылат. Демек, биз изилдеген өрөөндөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдердеги Умай энеге аял кудайы ишенимдеринин калдыктарынын пайдалануу чөйрөсү кенен болгон.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Автордун талаа дептери. №2. 2016. №4. 2018.
2. Андреев М.С. Средне-Азиатская версия Золушки (Сандрильоны). Св. Параскева Пятница. Диw-и Сафид Из материала по мифологии таджиков. Ташкент.1927
3. Грач А.Д. Древнетюркские изваяния Тувы. По материалам исследований 1953-1960 гг. [Текст]/ А.Д.Грач. - М.: [б.и.], 1961. 238 с.
4. Кызласов, Л.Р. Очерки по истории Сибири и Центральной Азии [Текст]/Л.Р.Кызласов. - Красноярск, [б.и.], 1992. - 222 с.
5. Малиновский Б. Магия, наука и религия. М.: Рефлбук, 1998. С.97.
6. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии [Текст]/ С.Е.Малов. - М.: [б.и.], 1959. с- 106 . 215.
7. Сухарева О.А. Ислам в Узбекстане.Ташкент. 1960.с. 39-40.
8. Стеблева И.В. К реконструкции древнетюркской религиозномифологической системы [Текст]/ И.В.Стеблева. Тюркологический сборник 1971. М.: Наука, 1972. С. 215.